## АГАЙЫМ ТУУРАЛУУ АЛТЫ ООЗ КЕП

Кыргыз эли алмустактан бери тоо арасында жашап, тоону караан тутуп, тоо арасында өсүп, кубат алып, төш керип, шаар курса да тоодон алыстабай, аны менен чеп куруп, дөбөлөрүн кароол, тоо кырларын чек кылып, качса тоого бекинип, тоого тайып, баш уруп, уңгусун жоготпой, урпагына узатып, уламадан жол улап, даанышмандан ой улап, каруусун казык, канын азык кыла миңдеген жылдары мамлекет курап, мамиле түзүп, дөөлөт куруп, далайын сурап, багы качса башын сактап, тагы кетсе тамырын сактап, кандыгы кетсе, кутун сактап, тиккен талын өлтүрбөй, жаккан отун өчүрбөй даңазалуу өмүрүнүн сыры – ар бир кыргыз жаранынын, атуулунун деминде жана дымагында болбодубу! Мактана турган жөнүбүз бар экен да. Демек, тоонун өзү кыргыз элине – дем, эш, калканыч, коргонуч, тамыр, өзөк, азык, үмүт болуп берген тура. Бирок кийинки муун тоонун кадырын түшүнүп жатабы же жокпу, бул өтө чоң суроого айланды... Баарына токтолбойлу, бери жагын эле алалычы, тоонун сүрүн, түбү терең сырын билүүгө баарыбыздын эле шык-дараметибиз, ички туюмубуз жетеби? Таң... Ал үчүн тоону карай турган жерди же бурчту табыш керек го. А эгер тапсаң, тоо, мына ошондо гана өзүнүн чын кереметин көрсөтөт, сырын ачат. Же болбосо, тоону элес-булас гана көрсөтүп турган туман же боз басканында, ошондо көргөнүңдө, тоого жан киргенсип, жүрөктүн үшүн алган сүр кирип, коркуу сезимдери келерин балким, билгендер белээр, сезгендер сезээр. Ооба, тоо бизди коркутуу үчүн эмес коргоо үчүн жаратылган. Ошондой болсо да эсептеше жүргөн оңдур дейм.

Урматтуу окурман, макаланы алыстан жана тереңдетип баштаганыбыздын себеби бардык нерсе келип эле салыштырмалуулукка барып такалат. Көлдөн чыккан кадимки акелерибиздин бири Карга аке: "Көп курусун, көпкө бүткөн көз курусун / Аз курусун, азга бүткөн сөз курусун / Көп курусун, көпкө бүткөн мал курусун / Аз курусун, азга бүткөн жан курусун" деп айтканындай барып келип эле колдун (элдин) аздыгына, көңүл коштуктун капшабына барып кептелет окшойбузбу. Аздыгыбыз, ага кошулуп алсыздыгыбыз, жакшы нерселерди жайылта албаган арсыздыгыз да кошулуп кетип жатпайбы. Аттиң дейбиз... Эми кейип-кепчибей кептин удулуна келе турган болсок, биз жогоруда айтып жаткандай кыргыз элине, тарыхына, маданиятына опол тоодой эмгек сиңирип, бирок бирин да милдет кылбай, тынымы жок чарк айланып, учкуну жанбай, тутанып жалбыртай албай келген этнография, этносоциология жана антропология илимин Теңир-Тоо, Ала-Тоонун үстүнөн жаркыратып жандырган алп окумуштуу, алтан академик Абылабек Асанканов агайыбызга окшогон залкарларды эстегенибизде үмүт оту козголуп, ордубуздан копшоло түшөбүз. Агай биз үчүн, кыргыз илими үчүн мына ошол залкар тоолордой элес калтырып турат. Сөздүн чыны, биз агай аркылуу коомго аз да болсо таанылдык, ошон үчүн ирети менен кеп учугун улай кетүү үчүн, эми ушул жерден уруксат сурай кетейин.

Абылабек Асанкановичти, Кыргыз мамлекеттик улуттук университетинин Тарых факультетинин бардык студенттериндей эле 1-курста көрдүм. Илимий даражалуу, илимий наамдуу адамдарды телевизордон анда-санда бир көргөн элеттик балдар-кыздар үчүн, алардын лекциясынан мурун, баскан-турганы, кийингени, сүйлөгөндөрүнөн баштар айланып, көздөр өтөт эмеспи. Өзгөчө, Абылабек агай көзүбүзгө башкача көрүнчү. Көрсө, агай 39 жашында докторлугун жактап, кыргыз илиминде жаркырап жанып келе жаткан жылдыздардын бирине айланып, кырчын талдай солкулдап турган мезгили экен, бах чиркин! Ал учурда мезгилдин азыркыдай баасы, наркы, кунары кача элек эле. 30-40 жыл мурун окумуштуу деген өтө баалуу адамдар эмес беле. Агай лекцияны ушунчалык эмоция, берилүү менен окуйт, дем, дым чыгарган студент жок, бардыгы арбалып калган. "Баарын түшүнчүбүз, мээни ачып эле билгенин салып койду" десем өтүрүк айткан болор элем, азына түшүндүк, көбүнө акылыбыз жетпеди. Анткени илим кургуруңдун теңинен көбү терминдерден турат. Аларды 1-курстун балдары кантип түшүнмөк. Мындай оор сабактарды жана күчтүү лекторлорду жогорку курстарда бер-

се, таасири, пайдасы да мыкты болмок деп, эми ойлоном. Дагы бир өтө таасирдүү эсибизде калганы, агайдын түрдүү түстөгү, эки бортту кызыл, жашыл, күрөң, кара-күрөң, көк костюмдары болуптур. Агайдай кийингибиз, баскыбыз келчү, ички дүйнөбүз, тажрыйбабыз, баскан жолубуз окшошпосо да сырткы келбетибизди агайга окшоштуруп, көңүлүбүздү ошентип тынчытчубуз, таасирдин күчү керемет тура. Арадан жылдар өтүп, илим изилдесек, илимпоз болсок деп жүргөн учурлардын биринде, азыркы Тарых жана чөлкөмтаануу институтунун директору, ал кезде факультеттин деканынын орун басары, группалашым Туратбек Сырдыбаев, мен иштеген Бишкек шаарындагы № 76-мектеп-лицейине кирип келип эле, дайын дарегин айтпай: "Бол эле, бол" деп жеңимден тартып дилкилдетип, Бишкектин так ортосунан орун алган Ишенаалы Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин ректору Абылабек Асанкановичке алып жөнөдү. Тактайын деп чыйпылыктасам: "Сени чакырып жатыптыр, барып өзүнөн угасың да" деп каадаланып, башка сөз айтпайт. Түз барган автобус же троллейбус жок, жөө жалаңдап, ээрчишип жөнөдүк. Кабылдамада бир аз туруп, кезегим келгенде кирдим. "Так, балам угуп жатам. Эмне маселе менен?" деди мага кайрыла. Көзүмдү жүлжүйтө: "Чакырткан экенсиз, келдим" десем эле: "Аа, сен Токторбек Наматбековичтен келдиңби?". "Ооба" дедим болжолдоп. "Аа жакшы, мен сага лекция окудум беле? Канча алдың эле?" деп суроону кабыргадан койду. Коркуп кетсем да чынын айттым: "Төрт алгам" дедим аптыгып шилекейимди жутуп. "Анда жарайсың. Менде бир тема бар, кыргыз элинин жыгач иштетүү кол өнөрчүлүгү деген. Ушул боюнча иштейсиң. Азыр барып, Черикбай Казыгулович деген агайыңды издеп таап, ага жолук. Дайындап койгом, ошол киши консультация берет. Жөнө балам" деп, шаштырып жолго салды. Тердеп-кургап сыртка чыксам, Туратым турат маңдайымда: "Эмне деди?" деп, "Сен кызыксың го, айтып койбойсуңбу, аспирант кылып алганы жатат деп. Жинди кишидей кирип алып, эмне деп айтарымды билбей куурадым" десем. Мени сынап жатканын дагы деле моюнга албайт, "омуроолойт". "Жүр, Черикбай Казыгулович деген бар экен, ошого жолугалы. Ошол киши айтат окшойт калганын" деп, аны издеп жөнөп калдык. Турат мурда-кийин Арабаев университетине келип жүрүптүр, жолду батыл баштап жөнөдү, издеген агайыбызды бат эле таптык, тапканыбыз менен ал кишинин да кыялы чукул, тамаша сөздү көп түшүнгүсү келе бербеген, бир мүнөз агай экен. Бир топ сүйлөнүп туруп, анан "реферат даярдап келгиле, убакыт жок. Бүгүн кечке жетишкиле, көлөмү 25 беттен кем болбосун, 2 күндөн кийин экзамен, крутойлор" деп, бизди бир аз шакаба чегип, анан ал да жолго салды. Туратты карасам, көзү жалындап күйүп, ишенимдүү караганы мага дем да, дымак да берип койду. Кыйшаңдаса, качат белем, билбейм?Эми карап турмак белек, борбордук китепканалардын бирине барып, экөөлөп кечке чейин 25 барактан ашырып реферат даярдай салдык. Бул менин агайга байланышкан илимий сапарымдын башталышындагы кичинекей көз ирмемдердин бири болду. Ошентип, агайга аспирант болуу бактысы буйруду. Кийин макала жазып, аны текшертип, иштеп жатканымды көрсөтүп турууга мүмкүн болгон аракетимдин баарын жумшадым. Бирок аспирантураны аяктай турган мөөнөттө диссертациялык ишим бүтпөй созулуп кетти.

2006-жылы Ош мамлекеттик университетинин базасында этнологдордун чоң илимий-практикалык конференциясын агай демилгелеп өткөрүп, пленардык жыйында: "Диссертациялык иштер окуганга жеңил, көркөмдүү, окумдуу жазылсын" деп белгилеп калды. Мен курган жаным, аны сөзмө сөз түшүнүп алганмынбы же көркөм сөзгө өтө жакынмынбы, айтор, биринчи талкууга чыккан ишим повест менен романдан ашса ашып, бирок кем эмес жазылган окшойт. Аны агайым да байкабайт, мүмкүн көңүл бурбаса керек. Кызыкты кафедранын талкуусунда көрдүм го. Талкуу жүрүп жатат... төртүнчү кабат менен полдун катуулугу гана болуп калды, болбосо сөзсүз бир нерсе болмок... уят жаман экен... Ошондо айтпайм дегендер, алтымыш мүнөт сүйлөп, сүйлөбөйм дегендер сөзүн бүтпөй туруп алышты го чиркиндики... мүмкүн мага ошондой сезилгендир. Ооба, азыр тамаша, күлкү, бирок ошол учур мага тамаша эмес эле. Бул тарых, ачуу тажрыйба, мындай жагдайлардан өтпөгөн киши бышабы? Көрсө, бардык нерсенин өзүнүн чени менен чеги, эрежеси менен тартиби, жолу менен жобосу болот турбайбы. Сабак...

Эч кимге жашыруун эмес, "Ата даңкы менен кыз өтөт, мата даңкы даңкы менен бөз өтөт" дегендей агайыбыздын абыройу, кадыр-баркы мага эле эмес, бардык окуучуларына тийди,

азыр да тийип турат. Окуучулары да өз кезегинде агайдын атын жамынып олтуруп алышпай, тетирисинче, аны уят кылбаш үчүн тытынып иштеп, алды өзүнчө илимий мектеп түзүп, кыргыз элине төбөсү көрүнгөн окумуштууларга айланды. Академик Абылабек Асанкановичтин жетекчилигинин алдында 40ка жакын илимдин кандидаты, 10го жакын илимдин доктору илимий иштерин ийгиликтүү жакташты. Кыргыз элинин материалдык жана руханий маданияты, көркөм-жасалма кол өнөрчүлүгү, дүйнөтаанымы, турмуш-тиричилиги, улуттук аң-сезими, ички, тышкы миграциялар жана башка темаларга арналган диссертациялык изилдөөлөр жүргүзүлүп, агайдын салымы менен тарых барактары толукталып жаткандыгын өзгөчө белгилөөгө болот. Ошентип жүрүп, агай менен иштешүүнүн экинчи этабына көтөрүлдүк. "Эми балам, кандидаттык иш бул жөнөкөй эле нерсе, чыныгы ишти эми башта. Ушул теманы кимдир бирөөгө он жыл мурун бердим эле, жазмак тургай өзү да жоголуп кетти. Алып кетсең, сен алып кетерсиң, башкалар жөндөй албайт го? Анын үстүнө Черикбай агайың менен кеңешсем, тери иштетүү боюнча доктордук иш эмес кандидаттык иш чыкпайт деп койду. Кандай дейсиң?" деп, телмире тиктеп калды. Мен дароо эле: "Агай ушул теманы мага бериңиз деп сурап келгем, сурагыча эле берип койдуңуз го" деп күлүп калсам: "Иштейсиңби? Анда ал, бирок, көпкө созбо. Болбосо жаза тургандар чыкса, аларга берем" деп коркутуп койду. Мына агайдын саяпкерлиги, ишеними, деми. "Иш чыкпайт" деп, бир топ профессионал тарыхчылар айтып жатса да аларга болбой, бизге тапшырып жатышынын өзү, агайдын ички туюмунун күчтүү экендигинен кабар берип турбайбы, ага мындан ашык далилдин деле кереги жок болсо керек. Агайым күткөн натыйжадай эле бизге берилген "Кыргыз элинин тери иштетүү кол өнөрчүлүгү" боюнча диссертациялык ишти эң жогорку деңгээлде жыйынтыктадык. Агайдын көрөгөчтүгү жана мага болгон ишеними болбогондо бул ой толгоолор да жазылар беле.

Бүгүн, биздин агай, менин агайым, түз жана кыйыр маанисинде да биз сөз башында кеп кылган тоодой болуп, сүрдүү, сырдуу, бараандуу, учу-кыйырына чек жеткис аскар зоого айланып турат. Устатын сыйлай албагандын шору көп. Анткени ага илим жукпайт, жазганынын, айтканынын баары кумга сиңген суудай жок болот, чаңга жуккан издей болуп, бары-жогу билинбей жоголот. Чындык ошол. Эми Абылабек Асанкановичтин мамлекеттик кызматкерлиги тууралуу да азыраак токтоло кетпесем, сөзүмдүн тузу кем болуп калчудай. Окумуштуунун, чоң окумуштуунун мамлекеттик кызматта иштеши бир чети жөнөкөй, экинчи чети өтө оор. Жөнөкөй дегеним, түрдүү маселелерде чечимдерди кабыл алуу, жол табуу, өздөштүрүп кетүү сыяктуу иштер башкаларга салыштырмалуу оңойураак болот. Ал эми оорураак дегеним, көп нерселерге окумуштуунун көз карашы дал келбей калышы толук мүмкүн. Бирок, мамлекеттик кызматчынын этикасы боюнча чечимдерди талдоого, талкуулоого акысы жок, аларды кынтыксыз аткарууга гана алышы керек. Мына ушул сыяктуу дагы толгон токой башка кырдаалдар сөзсүз жаралып турат. Абылабек Асанканович мамлекеттик кызматта, болгондо да Кыргыз Республикасынын Президентинин Аппаратында бир эмес эки жолу бөлүм башчы кызматын аркалап, эң татаал деген идеологиялык маселелерде жогорку жетекчилердин чечим кабыл алуусуна көмөк көрсөтүп, моюнга тагылган милдетин мыкты деңгээлде аткарып иштегендиги азыркы жаш мамлекеттик кызматчыларга өрнөк болуп калды. Бирок ошол эле мезгилде илимдин ишин артка түртүп койбой, чогуу ала жүргөндүгүн эрдик эмей эмне дейбиз. Болбосо, мамлекеттик кызматка келген окумуштуулар илимий эмгек эмес, эки барак жазгандан эринип калгандары канча экенин ким билет. Демек, баскан, иштеген адам гана тарых жаратып, өз тагдырын өзү курат турбайбы. Кадырлуу агайым Абылабек Асанканович, 70 жылдык торколуу маарекеңиз кут болсун! Кылган эрдигиңиз, жасаган эмгегиңиз менен улуттун сыймыгына, кыргыз журтунун атасына, илимдин кенчине айланып турасыз. Мындан ары да демиңиз, кубатыңыз, күүңүз жанбасын, бар болуңуз!

**О.Э. Капалбаев**

*Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын саясий жана экономикалык изилдөөлөр башкармалыгынын начальнигинин орун басары – стратегиялык пландоо жана реформаларды талдоо бөлүмүнүн башчысы, тарых илимдеринин доктору*